**КӨЛБАЕВА**
**nbknu@mail.ru**

# ЭГЕМЕНДИК ЖЫЛДАРЫНДАГЫ АЙТЫШ ӨНӨРҮНҮН АБАЛЫ

Тээ байыркы замандардагы кыргыз элинин көчмөндүк турмушундагы абалы жаздоо, күздөө, кыштоо, жайлоолоп көчүп-конуп жашап, элдин эрмеги катары санжыра айтып, ыр күүлөрдү угуп ар өнөргө канык болушунан, даңазалуу аш-тойлордо өз уруу, уругун өз эл жакшыларын мактап, жактап ырдоодон элдин үрп-адат, каада-салтынын аткарылышынан, кыз оюндарынан, сармерден, акыйнек өңдүү өнөр жарыштарынан айтыш өнөрү кыргыз элинин өнүгүш тарыхы менен бирге өнүгүп, ар бир тарыхый формацияда өзүнчө өң-түс алып биздин күнгө жетти. Себеби, жер жарылса акындын жүрөгү менен өтөт дегендей, кыргыз элинин башынан өткөн чоң бурулуштар, саясий-экономикалык, маданий өзгөрүүлөрдөгү жетишкендиктер, кемчиликтер акындардын ырларында, санаттарында чагылдырылып турду.

Айтыш - эл арасына кеңири тараган көпчүлүк түрк элдерине мүнөздүү өнөр катары каралуу менен көпчүлүгүндө салтка (традицияга) айлаган жанр[1]. Ошол себептүү бул жанр бүгүнкү күндө да өз өмүрүн сүрүп келүүдө. Эгемендик жылдары улуттук дөөлөттөрүбүздүн агын ак, карасын кара деп мурда кара көшөгө артында окуу, жазуу, жарыялоо ишине четтетилип келген адабий мурастарыбызды калктын өзүнө кайтаруу ишинде бир топ ийгиликтерди жаратканы менен айтыш өнөрүнө келгенде бир аз башкача маанайда кароого болот. Себеби, советтик катуу тартипте жашап, жогортон берилген буйрукчул жашоого көнгөн эл эгемендикти алуу менен ээнсирей түшүп, кайсы жол менен кандай өнүгөрүбүздү билбей калдык. Бул саамда адабиятыбыз, маданиятыбыз да бир аз тыным алып калганы байкалат. Артка кылчайсак, совет мезгили учурунда Сооронбек, Ашыралы, Эстебес, Тууганбай, Замирбек өңдүү акындык өнөрдүн өкүлдөрү кези келгенде айтыш өнөрүнүн учугун улап келишкен. Бирок, ал мезгилде акындарыбыз советтик идеологиянын эпкининен улам айтыш өнөрүнүн чыныгы өнөр жарыштыруу, чыгармачылык такшалуу сапатынан кетип, советтик жакшы иштерди мактоо, чоң жыйындарды ачуудагы учурашуу сыяктуу алым сабак ырына айланып калган.

Кайра куруу, эгемендиктин алгачкы жылдарында айтыш өнөрү эле эмес жалпы акындык өнөр тыным алып калды. Аталган өнөрдүн өзү эле эмес аны иликтөө, жазуу, китеп кылып жарыялоо иши да таптакыр унутта калды. 2001-жылы 15-февралда гана А.Нуралиевдин талбаган эмгегинин артында Садык Шер Нияздын көмөгү, демөөрчүлүгү менен «Айтыш» аттуу жаш төкмө акындардын республикалык коомдук фондусу уюштурулуп, аталган өнөрдүн алгалашына карата алгачкы аракеттер байкала баштады. Фонддо А.Айталиев, Т.Абдиев менен Б.Алагушовдор нускоочу катары устаттыкка бекитилип[2], Майра Керим кызы, Э.Иманалиев, Ш.Шеркулов, Ж.Токтобеков, А.Кутманалиев, А.Болгонбаев, М.Кулиев, А.Туткучев өңдүү акындык өнөрдүн жаш жаңы толкуну келип кошулду. Албетте, ал жаңы саясий абалда жаралган жаңы толкундун айтыш өнөрүндөгү арымы айтыштарынын түзүлүшү, идеялык багыты, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, байыртадан бери келаткан өнөрдө мурдатадан калыптанган салттуулуктун (саламдашуу, таанышуу, тек жайын айтуу, устат жана шакирт маселеси, чыгармачылыктагы синкреттүүлүктүн сакталышы ж.б.) сакталыш өзгөчөлүктөрү боюнча кеп башка, эң негизгиси улуу өнөрдүн солгундап калган тамырынын кайрадан кагышына эргүү берип, айтыштын эгемендик жылдарындагы өмүрүн улап отурушканы үчүн бул фонддун уюштуруучуларына жаш акындар толкунуна ыраазычылык билдиришибиз керек.

---

[1] Элдик оозеки чыгармачылыктын очерктери.-Фрунзе, 1972.
[2] Алагушов Б. Актаңдайлар.-Бишкек, 2003. - 4-б.

Уюшулган күндөн тарта фонд республикалык жана эл аралык акындар айтыш[illegible] байма-бай өткөрүп келе жатат. Айталы, 2001-2002-жылдын июль айларында залкар шайырлар А.Огомбаевдин, Ш.Шеркуловдун, М.Баетовдун туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата «Талас таңшыйт» эл аралык айтыш фестивалдарын андан бери 2003-жылы Ат-Башы жергесинде өткөн Казыбек казалчынын 100 жылдыгына, Т.Молдонун 150 жылдыгына арналган борбор калаадагы өткөтүлгөн айтыш өнөр сыноосу, 2002-жылы А.Айталиевдин 70 жаш кутман курагына арналган сынактар өткөрүлүп турду. Ошондой эле канатташ жашаган казак калкы уюштурган бир нече айтыш сынактарына катышып турушту. Демек, эгемендик жылдарындагы айтыштын нугу бурулуп, кайсы бир той-маарекенин урматына арналып өткөрүлүп пландуулук мүнөзгө ээ болду.

Эгемендик жылдарындагы акындардын чыгармачылыгынан өзүнө керектүү бардык ыкма, салттарды мурдатадан калыптанган салттуулук өзгөчөлүктөрдүн сакталышын көрүүгө болот. Айталы, **саламдашуу** өзбекстандык Нуркан Түймөкулова менен Абдыбали Акимбеков Ташкенте Алпамыш баатырдын урматына өткөрүлгөн айтыштагы өнөр жарышын айтууга болот.

Абдыбали: Аман бекен бул жерде
Ага-ини туугандар?
Айтышка анык баа берип,
Ак дилден тыңдап тургандар
Ала Тоо кыргыз төрүнөн
Ысык салам айтамын
Ырыстуу кыргыз элинен

Нуркан: - Барсыңбы, амансыңбы курбалдарым?
Жайнашып жакшы айтышта тургандарым.
Жабылып акын келди бул айтышка
Мен дагы шыбагамдан кур калбадым.

Экинчи, өнөр аздектеген калкка, атаандашына өзүн тааныштыруу. Бул айрыкча төкмөлүккө жаңыдан кадам коюп, калкка так таанымал боло элек акындардын ырларында көбүрөөк кезигет. Борбордо өткөн акындардын сынагындагы айтышта мындай таанышат.

Амантай: Түбүңдү сурап олтурсам
Саяктан келдиң Жолдубай
Жорголотуп тилиңди
Жамактап келдиң Жолдубай.
Калың эл билсин толуктап
Кабарыңды ачык айт
Каяктан келдиң Жолдубай

Жолдубай: Боогачы ыры муңканып,
Балапан кезден өскөн жер
Үмүттүн оту өчпөстөн
Үкөйүн келип өпкөн жер.
Кайрылып колу байланып
Казыбек казал төккөн жер
Кудайым чындап берген жер
Кырандан гүлдү терген жер
Ушундай болот Амантай
Жолдубай акын келген жер

Ошондой эле жамакташтырып ырдоонун «аллитерациялык» (көркөм чыгармадагы окшош үнсүз тыбыштардын кайталанып келиши), бирдей угулган үндүү тыбыштардын кайталанышынан келип чыккан-ассанастык ыкма жаш акындардын айтышынын көбүндө жолугат. М: А.Кутманалиев менен Мырзалы Жороевдин алым сабагынан ачык байкоого болот.

Мырзалы: Кыйла түрлүү өнөрдү

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

Кыйын экен орусуң
Амантай: Эмнеде улам ал элди
Эске салып коюшуң
Мырзалы: Контрабасты көргөндө
Каңгырайт сенин комузуң
Амантай: Көлөмүндө эмес деген
Анын көөнөрбөс, өчпөс жолу узун
Мырзалы: Кийинки эл жүрөт сыйлабай
Ким билиптир онусун
Амантай: Аспап албас жөө акын
Сен акындардын корусуң
Мырзалы: Кордук эмес Барпыча
Комузу жок болушум
Амантай: Кордук эмей эмине
Комузду жерип «согушуң»

Мисалда көрүнүп тургандай Мырзалы Жороевдин алым сабактары бүтүндөй аллитерациялык ыкмада берилсе? Амантай Кутманалиевдин ырлары ассанасттык ыкмада түзүлөт. Ушул мисалда эле төкмөлүккө мүнөздүү бир өзгөчөлүк-аспап менен коштоо салтын көрүүгө болот. Көпчүлүк акындар айтыш учурунда чыгармаларын коштоого, убакытты туура пайдаланып, ойлонууга убакыт алуу үчүн аспап менен коштолот. Бул ырчыларга мүнөздүү касиет. Бирок, айрым акындар (Жеңижок, Мырзаалы, Жеңишбек мурда ) жөө ырдаша турган. Бул туурасында «Манас 1000» айтышында Жеңишбек казак акыны Эрмек Жуматаев менен болгон айтышында ырдалат.

Эрмек: Мен эдим казагымдын арстаны
Арыстанга мындайда уят болор
Боз торгойдой бала менен кагышканы
Колуңда комузуң жок, найзаң да жок
Келдиңби айтышканы, чабышканы – дегенде

Жеңишбек: Бакылдаба казагым
Беремин азыр азабың
Алыстан келген мейман деп
Аягансып жатамын
Комузум менин тилимде
Меникиндей комуз бар
Ачык айтчы кимиңде-деп жүрүп кийин комуз менен ырдоого өтөт.

Ырчылык өнөрдөгү дагы бир башкы өзгөчөлүк–устат-шакирт маселеси. Бул маселеде да айтыш өнөрүнүн өкүлдөрү эгемендик жылдарында устаттан сабак алуу, шакирт тарбиялоо ишин колго алышкан. Ал тургай акындар бири-бирин устатына салыштырып ырдап жүргөндөрү да бар. Мисалы Э.Иманалиевди устаты Тууганбайга салыштырып Жеңишбек минтип ырдайт:

-Басканың деле Тууганбай
Жазганың деле Тууганбай
Добушуң деле Тууганбай
Комузуң деле Тууганбай
Таң калам деги капырай,
Тууганбай өзү туугандай

Т.Абдиевден Элмирбектен сырткары Шекербек да таалим алса, А.Кутманалиев А.Айталиевден, Ж.Токтобеков Т.Актановдон ырчылыктын сырларын үйрөнөт.

Обон-ырчылык өнөрдөгү негизги касиет. Бул жагынан келгенде эгемендик мезгилинен кийинки айтыш өнөрүнүн өкүлдөрүнүн көпчүлүгү устаттарынын же мурда элге сиңген обондорго салып ырдоого өткөн. Айрымдары Майра Керим кызы жана Э.Иманалиевдер гана жаңы өздүк обондорун жаратып ырдап келишет. Демек, эгемендик

жылдарындагы айтыш мурдатан калыптанган айтыш өнөрүнүн салтык өнүгүшүн кө жагынан кабыл алып айрым жаңыланууларды киргизгенин байкайбыз. Идеялык жактан айтыштар ар тараптуу келип, көпчүлүгү улуу адамдардын мааракe тойлоруна арналып, пландуу өткөнүн көрүүгө болот. Ошондой эле айрым учурларда жалпы элдик көйгөйгөрдү айтып, учурдагы болуп жаткан маселелерге үн кошуп, саясий ахыбалыбызга саресеп салган айтыштарды кезиктиребиз. Бирок, андай мазмундагы бийликке, саясатка карата айтылган айтыштардын электен өтүп, элге толук жетпей калганын акындар өздөрү эскертип келишет. Эгемендик жылдарындагы айтыштардын дагы бир өзгөчөлүгү акындардын жеке жашоосун, бийликтин, өкүмөттүн акындарга мамилесин ырдоо менен жалпы элдик абалды чагылдырып берүүгө аракеттер жасалат. М: «Айтыш» телесынактарынын биринде М.Керим кызы минтип ырдайт.

Майра: Туз салбаса тамактын дамы жок гой
Таптабаса кулуктун табы жок гой
Осундай жас таланты көтөрбөгөн
Отурган үлкөндөрдүн баамы жок гой
Ардактуу Назарматов министрим
Алиги Амантайдын тамы жок гой

Амантай: Үйүң жок экен деп айттың
Үшкүртө турган кеп айттың
Там берсин чоңдор деп айттың
Таң кала турган кеп айттың
Оюма салып арманды
Ошол сөздү неге айттың
Карагандын түбүндө
Калганым жок деп мен айттым
Курулуш жатаканасы
Жашап жаткан тамыбыз
Амантай жалгыз калган жок

Алтымыш бала баарыбыз-деп акын өзүнүн арманын эле эмес көпчүлүк элдин көйгөйүн да айтып кеткен. Демек, эгемендик жылдарында айтыш өнөрү аз да болсо өзүнүн өмүрүн токтотпой өнүгүп, салттуу элдик оозеки чыгармачылыктан азык алып өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү менен өнүгүп, бүгүнкү күндөгү абалына жетти. Ал эми аталган өнөрдү жазып, жарыялоо, иликтөө иши да өнөрдүн өзүндөй оор учурду башына кечирүүдө. Академик А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында түзүлгөн «Кыргыз адабиятынын тарыхы» 7-томдугун, «Залкар акындар» серияларынан сырткары атайын бул өнөрдүн табиятына арналган эмгек али күнгө чейин жарала элек. 1972-жылы А.Токонбаева түзгөн «Айтыштар» аттуу 2 томдук жыйнактан сырткары айтыштар жыйнактары да жарык көрбөй келет. Ал эми изилдөө ишинде 1972-жылы П.Ирисов «Айтыштардын жанрдык өзгөчөлүктөрү» аттуу диссертациясын, Ж.Таштемировдун «Токтогулдун айтыштарынын өзгөчөлүктөрү» (1989) аттуу изилдөөлөрүн жаратат. Бирок, бул эки эмгек тең социалисттик идеологиянын гүлдөп турган доорунда жарык көргөндүктөн изилдөөнүн мазмунунан доордун талаптарын, идеологиянын демин ачык байкоого болот. Ушундай кенемтелерден улам өнөрдүн бийик үлгүсү катары төкмөлүктүн табиятын, анын өнүгүшүн аныктоо үчүн төмөнкүдөй иш чаралар кечиктирилбей аткарылышы зарыл.

1. Эң алды менен эгемендик жылдарынан берки айтыштарды топтоштуруп, кайрадан калктын өзүнө жарыялоо зарылдыгы турат.
2. Эгемендик жылдарындагы айтыштардын идеялык багытын, тематикалык өзгөчөлүктөрүн поэтикалык бөтөнчөлүктөрүн иликтөө, жаңычылдыктарын табуу;
3. Кыргыз айтыштарынын өзгөчөлүктөрүн аныктоо менен жалпы түрк тилдүү элдердин айтыштарынын фонунда талдоого алуу иштери кечиктирилбей аткарылышы керек.

## **Адабияттар:**

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

1. Алагушов Б. Актаңдайлар.-Бишкек, 2003. - 4-б.
2. Элдик оозеки чыгармачылыктын очерктери.-Фрунзе, 1972.